**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШУУ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМ МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э. А. АЛИЕВ атындагы АКАДЕМИЯСЫ**

Диссертациялык кеңеш Д.12.16.539

Кол жазма укугунда
УДК: 351.72(575.2)(043.3)

**Бердимуратов Чыңгызбек Муртазакулович**

# Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктуу жөнгө салуу

12.00.14 – административдик укук, финансылык укук, маалыматтык укук

Юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденип алуу диссертациясынын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек-2018

Жумуш Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык Славян Университетинин административдик жана финансылык укук кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси:** юридикалык илимдердин доктору, профессор **Исраилова Айганыш Мукашевна**

**Расмий оппоненттер:** юридикалык илимдердин доктору, доцент **Сабырова Кундуз Жумадиловна**

юридикалык илимдердин кандидаты **Ахматов Айбек Болотбекович**

***Жетектөөчү уюм:*** аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин бажы, финансылык жана экономикалык укуктар кафедрасы, адрес: 050040, Казакстан Республикасы, Алматы ш., аль-Фараби пр.,71.

Коргоо **2018-жылдын 30-мартында саат 13:30 да** Бишкек ш., Чүй проспектиси, 180 а, дареги боюнча, конференц-залда (412-ауд.), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жана милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясынын юридикалык илимдердин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алууга диссертацияларды коргоо боюнча Д.12.16.539 диссертациялык кеңешинин отурумунда болот.

Диссертация менен 720001, Бишкек ш., Чуй пр., 180 а. дареги боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Электрондук дарек: (htt:// www.ksla.kg)

Автореферат 2018-жылдын «28» февралында таратылган.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**ю.и.д., доцент** **Б.Дж. Рысмендеев**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Соңку жылдары Кыргыз Республикасынын экономикасынын секторлорундагы абал мындай, инвестициялык дем бермейинче экономикалык өсүш жетишсиз. Бүгүнкү күндө мамлекеттик инвестициялардын мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелүү жана анын үстүнө алардын натыйжалуулугу абдан төмөн. Улуттук экономиканын кыйчалыш абалдан чыгышынын, анын кайра жаралышынын жолдорунун бири республикага тикелей чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу болуп саналат.

Инвестициялар дайыма экономиканы түзүмдүк жактан кайра куруунун, аны турукташтыруунун жана андан соң көтөрүүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп эсептелет. Дүйнөлүк коомчулуктун тажрыйбасы тыгыз эл аралык өз ара аракеттенүү болмоюнча эркин рыноктук экономиканы куруу мүмкүн эместигин көрсөтүп турат. Мында тикелей чет өлкөлүк инвестициялар чечүүчү фактор болуп саналат, алардын өнүгүп келаткан өлкөнүн экономикасы үчүн эл аралык экономикалык кызматташтыктын башка формаларына салыштырганда бир катар олуттуу артыкчылыктары бар.

Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды кеңири масштабдарда тартуу өлкөбүздө жашоонун деңгээли жогору жана сапаттуу болгон, цивилизациялуу, социалдык багыт алган коомду түзүүнүн стратегиялык максаттарын көздөйт. Бүгүнкү күндө Кыргызстан инвестордун көз карашынан алганда, инвестициялар үчүн тобокелдик деңгээли өтө жогору өлкө болуп саналат. Учурдагы айкын абал республикага тикелей чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу инвестициялык жагдайга тикелей байланыштуу экенин көрсөттү.

Ата-мекендик экономиканын татаалдыгы экономиканын төмөндөшүнөн арылуу үчүн мамлекетте өзүнүн каржылоо булактарынын жана ички ресурстарынын жетишсиздигинен келип чыккан. Чарба жүргүзүүнүн жаңы формалары, атап айтканда, азыркы учурда жигердүү өнүгүп жаткан чакан жана орто бизнес да инвестициялык колдоого муктаж.

Кыргызстан өзүнүн өндүрүштүк дараметин калыбына келтирүүгө, керектөө рыногун жогорку сапаттагы жана кымбат эмес товарларга толтурууга, өзүнүн экспорттук дараметин өнүктүрүүгө жана түзүмдүк жактан кайра куруга кызыкдар. Бүгүнкү күндө чакан жана орто бизнестин өндүрүмдүүлүгүнүн жана атаандаштыкка кудуреттүүлүгүнүн деңгээлинин төмөндүгү көптөгөн ресурстук факторлорго байланыштуу. Инвестициялык милдеттерди чечүү максатында кабыл алынган укуктук актылар көп учурда декларациялык мүнөздө жана ишке ашыруу өбөлгөлөрү жок.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында калыптанган социалдык-экономикалык шарттар бүтүндөй алганда инвестициялык ишти укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрүнүн чагылдырылбаган маселелерин ачып көрсөттү. Анткени КМШ өлкөлөрүнүн инвестициялык өнүгүшүнүн азыркы этабында мамлекет багыттарды иштеп чыгууда жана экономикалык реформаларды ишке ашырууда башкы кепил болуп калууда. Рыноктук мамилелерди өнүктүрүүгө багыт алган мамлекет түзүмдүк жактан өзгөртүп түзүүгө багытталган инвестициялык саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну башкы милдет деп эсептейт. Реформалардын башталышында инвестицияларды тартуу ашкере татаал көйгөй болбойт деп болжолдонгон, бирок соңку жыйырма жылдын тарыхы ушул болжолдун жаңылыштык экенин көрсөттү. Бул көйгөйгө мурда өкүм сүрүп келген көз караштардын жана учурдагы инвестициялык рыноктун айкын абалынын карама-каршылыктуулугу да өзгөчө айкын көрүндү.

Ушул көз караштан алганда, инвестициялар түшүнүгүн тактоону, аларды административдик-укуктук жөнгө салуунун теориялык-методологиялык жана практикалык маселелерин негиздөөнү талап кылат. Жогоруда баяндалган чечилбеген көйгөйлөр теориялык өңүттө, ошондой эле практикалык планда диссертациянын темасынын өтө актуалдуулугун шарттаган.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илим-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Российялык Славян Университетинин административдик жана финансылык укук кафедрасынын илимий багытынын алкагында илим-изилдөө ишинин планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Ушул изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасында инвестициялык мамилелерди административдик-укуктук жөнгө салуу көйгөйүн изилдөө зарылчылыгын илимий жактан негиздөөдө турат.

**Изилдөөнүн максатынан төмөнкүдөй милдеттер** аныкталат:

- Кыргыз Республикасында инвестициялык иштин ченемдик-укуктук негиздерин талдоону жүзөгө ашыруу;
- Кыргыз Республикасында инвестициялык иштин негизги субъекттерин кароо;
- Кыргыз Республикасында инвестицияларды административдик-укуктук жөнгө салуунун негизги формаларын жана усулдарын изилдөө;
- инвестициялык келишимдерди түзүүдө алардын мүнөздөмөсүн жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- өлкөдө инвестициялык жагымдуулукту төмөндөтүүгө өбөлгө болуучу себептерди табуу;
- инвестицияларга карата административдик режимди өркүндөтүүнүн жолдорун аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы.** Диссертациялык изилдөө ата-мекендик юридикалык илимде Кыргыз Республикасындагы инвестициялык укуктук мамилелерди административдик-укуктук талдоонун алгачкы аракеттеринин бирин билдирет. Жумушта Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатын өнүктүрүү жолдору ачып көрсөтүлгөн, инвестициялык ишти мамлекеттик-укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштар иштелип чыгылган.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Айрым тыянактар, сунуштар жана сунуштамалар укук жаратуу ишинде, Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясатын калыптандырууда колдонулушу мүмкүн.

Негизги жоболор, айрым сунуштар ошондой эле административдик, финансылык, салыктык жана инвестициялык укуктун курстарынын алкагында окуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын материалдары административдик укук илиминин фундаменталдуу негиздерин иштеп чыгуудагы илимий-изилдөө иштеринде колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору:**

1. Автор тарабынан инвестициялык саясатты жөнгө салуудагы эл аралык укуктук юрисдикцияны артыкчылыкташтыруунун зарылдыгы негиздемеленет, ал инвестициялык макулдашуунун тараптарынын бири катары көпчүлүк убактарда чет өлкөлүк субъекттин чыкканы менен шартталган.

2. «Инвестициялар» түшүнүгүнүн автордук аныктамасы берилет, ага ылайык: *«Инвестициялар – булар пайда алуу жана (же) башка пайдалуу натыйжага жетишүү максатында иш-аракеттин ишкердик жана башка түрлөрүнүн объекттерине жумшалуучу, акчалай баасы бар, жүгүртүүдөн алып салынбаган материалдык жана материалдык эмес байлыктар».*

3. Автор инвестициялык иштин субъекттеринин чөйрөсү оптималдаштырууну талап кылат деп эсептейт, ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына мындай субъектти тапшырыкчы катары киргизүүнү туура деп эсептейт.

4. Инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуу формаларын жана усулдарын изилдөө процессинде автор тарабынан каражаттарды жабдууларга инвестициялоонун алда канча жеткиликтүү ыкмаларын өнүктүрүү үчүн лизингдин натыйжалуу рыногун түзүү зарылчылыгы жүйөлөштүрүлөт.

5. Автор инвестициялык жагдайды начарлатуучу себептер жөнүндө тыянактарды талдайт жана негиздейт, бул аларды инвестициялык келишимди (макулдашууну) түзгөнгө чейинки жана андан кийинки деп бөлүүгө мүмкүндүк берген.

6. Табылган инвестициялык жагымдуулуктун төмөндөшүнө түрткү болгон себептердин негизинде диссертант тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында инвесторлордун болушу үчүн жагымсыз шарттарды азайтуучу чаралар, ошондой эле инвесторлордун абалын жакшыртууга мүмкүндүк берүүчү чаралар сунуш кылынган.

7. Чет өлкөлүк инвесторлор үчүн жеңилдетилген салык салуунун бир нече укуктук режимдерин түзүү зарылчылыгы негизделет, мында аларды колдонуунун так өбөлгөлөрү инвестициялар кайсы артыкчылыктуу экономикалык жана социалдык объекттерге жумшалып жатканына жараша бекитилет, мындай чечимдерди кабыл алуу, анын ичинде жергиликтүү деңгээлде да кабыл алуу укугу берилет.

**Изденип алуучунун жеке салымы.** Диссертация Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрүн жекече комплекстүү талдоонун негизинде өз алдынча аткарылган илимий изилдөө, ал кеңири теориялык жана практикалык материалга негизделген. Автор тарабынан диссертациянын коргоого коюлуучу, анын жаңычылдыгын жана практикалык маанилүүлүгүн түзгөн негизги жоболор туюнтмаланган.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.**

Диссертация Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россиялык Славян Университетинин административдик жана финансылык укук кафедрасында талкууланган. Изилдөөнүн негизги теориялык жоболору жана тыянактары «Фундаменталдуу жана прикладдык илимий изилдөөлөрдүн эң жаңы концепциялары: тажрыйба, салттар, инновациялар, өнүктүрүүнүн натыйжалуу стратегиясы» Эл аралык илимий-практикалык конференциясында баяндалган (Санкт-Петербург шаары, «Санкт-Петербургдагы Долбоорлоо Менеджмент Иниституту» ДПО НОУ, 2015-жылдын 2-3-октябры).

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланган макалаларда чагылдырылуусунун толуктугу.**

Ушул диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары КР ВАК тарабынан сунушталган журналдарда жарыяланган 9 илимий макалада чагылдырылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, сегиз параграфтан турган негизги бөлүктөн, тыянактардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасын тандоо, юридикалык илим үчүн анын актуалдуулугу жана маанилүүлүгү негизделет; изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аныкталат; ири илимий долбоорлор менен байланышы ачып көрсөтүлөт; иштин илимий жаңычылдыгы жана изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү аныкталат; коргоого коюлуучу негизги жоболор туюнтмаланат; изилдөөнүн натыйжаларын апровациялоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтар келтирилет; диссертациянын түзүмү көрсөтүлөт.

***«Инвестициялык иштин укуктук табияты»*** *деген биринчи глава* эки бөлүмдөн турат.

***«Финансылык мамилелердин формасы катары инвестициялык иш түшүнүгү» деген биринчи бөлүмдө*** автор тарабынан экономикалык, ошондой эле юридикалык илимде иштелип чыгылган инвестициялар жана инвестициялык иш түшүнүгүнө карата ар түрдүү мамилелер изилдөөгө жана талдоого алынган.

Юридикалык адабиятта укуктук тутум көйгөйү ата-мекендик жана чет өлкөлүк юристтердин кызыгуусун пайда кылып келет.

Ушул көйгөйлүү маселени иштеп чыгууга төмөнкү ата-мекендик жана казакстандык укук таануучулардын эмгектери олуттуу салымдарын кошкон: Е. Б. Абдрасуловдун, Н. Т. Албановдцн, Ч. И. Арабаевдин, О. М. Артыкбаевдин, Р. Ш. Базарбаеванын, В. М. Букараеванын, Н. А. Бровконун, М. Т. Баймахановдун, А. М. Исраилованын, К. К. Керезбековдун, А. Н. Ниязованын, С. П. Мороздун, Ы. К. Өмүркановдун, Б. Б. Самарходжаевдин, З. А. Сыргакованын жана башкалардын.

Укуктук тутумду теориялык жактан аңдап-түшүнүүгө арналган бир кыйла маанилүү изилдөөлөрдүн катарына россиялык Л.Абалкин, В.Андриянов, А.Асаул, И.Балабанов, В.Барда, И.Бланка, В.Бочаров, П.Вахрин, А.Виссарионов, И.Жилина, Л.Игонина, И.Кац, В.Ковалев, В.Коссов, И.Липсиц, Я.Уринсон, Т.Хачатуров, П.Фишер сыяктуу жана башка илимпоздордун эмгектерин кошуу керек.

Инвестициялык процесстеги инвестиция теориясын жана мамлекеттин ролун изилдөөгө чет өлкөлүк, ошондой эле ата-мекендик илимпоздор жана практиктер А.Смиттин, Дж.Кейнстин, П.Самуэльсондун, Ф.Хайектин, Дж.Р. Хикстин, У.Шарптын жана башкалардын иштери олуттуу салымдарды кошкон.

Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын инвестициялар жөнүндө мыйзамдарына жүргүзүлгөн салыштырмалуу-укуктук талдоо авторго Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарында «инвестиция» категориясы инвестициялар катары колдонулушу мүмкүн болгон байлыктардын тизмеси алда канча кең-кесири жөнгө салынганы, бул Казакстандын мыйзамдарында жок экени тууралуу тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берген. Кыргыз Республикасында жана Россия Федерациясында иш-аракеттердин ишкердик жана башка түрлөрү инвестирлөө объектиси катары аныкталган, бул ушул өлкөлөрдө инвестициялар жөнүндө мыйзамдардын колдонулушунун чөйрөсүн кыйла көбөйтөт жана бул, сөзсүз түрдө, оң көрүнүш болуп саналат. Казакстанда инвестирлөөнүн кыйла тар тизмеги көрсөтүлөт, алар юридикалык жактын уставдык капиталы же ишкердик үчүн колдонулуучу белгиленген активдердин көбөйүшү, бул инвестордун аларды тандоодогу жана каражаттарды жумшоо жөнүндө чечимдерди кабыл алуудагы мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мыйзам актыларында инвестициялардын максаттары пайда өндүрүү катары гана эмес, ошондой эле башка дагы оң натыйжаларга жетишүү катары аныкталган, ал эми Казакстан Республикасында инвестирлөөнүн максаты пайда (киреше) алуу гана болуп саналат. Диссертант «инвестициялар» терминин туура түшүнүү жана чечмелөө үчүн инвестициялык иштин максаттарын аныктоо олуттуу мааниге ээ экенин көрсөткөн.

Ошентип, автордун ой-пикири боюнча Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мыйзамдарында «инвестиция» категориясы алда канча так чагылдырылган жана ийне-жибине чейин жөнгө салынган.

Ошону менен бирге, инвестицияларды түшүнүү акча каражаттары же финансылык каражаттар катары; финансылык жана материалдык каражаттар катары; материалдык жана интеллектуалдык баалуулуктар катары; мүлктүн же байлыктардын бардык башка түрлөрү жана башкалар катары чечилбеген жана карама-каршылыктуу бойдон калууда.

Диссертант «инвестиция» категориясын ар түрдүү квалификациялык топтор боюнча теориялык жактан терең, ар тараптуу изилдеп чыккан, алар кандай белгилерге ээ болууга тийиш экенин аныктаган жана аларга таянып, *«Инвестициялар»* түшүнүгүнө автордук аныктаманы туюнтууга аракет кылган, анда: «**Инвестициялар – бул пайда**

**алуу жана (же) башка пайдалуу натыйжага жетишүү максатында иш-аракеттин ишкердик жана башка түрлөрүнүн объекттерине жумшалуучу, акчалай баасы бар, жүгүртүүдөн алып салынбаган материалдык жана материалдык эмес байлыктар**» деп туюнтулган.

***«Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти жөнгө салуунун ченемдик-укуктук негиздери» деген экинчи бөлүмдө*** республикадагы инвестициялык ишти жөнгө салуучу колдонуудагы ата-мекендик жана эл аралык ченемдик укуктук актылар каралган жана талдоого алынган.

Заманбап дүйнөдө Кыргыз Республикасынын ордун жана ролун аныктоо, өлкөнүн чыныгы көз карандысыздыкка жетишүүсү, улуттук коопсуздуктун бардык өңүттөрүндө аны чыңдоо биринчи кезекте экономиканын абалына, ошондой эле так укуктук жөнгө салууга байланыштуу болот.

Кыргызстандын экономикасынын рыноктук мамилелерге өтүшү жана командалык-административдик тутумдун монополиясынан баш тартуу 90-жылдардын башында инвестициялык иш чөйрөсүндө ченемдик-укуктук негиздердин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн жаңы түрмөгүн шарттады. Ошону менен бирге заманбап этапта өлкөдө парламенттик демократиянын калыптанышы аткаруу тутумундагы органдардын туруксуздугу жана тез-тез алмашуу тобокелдиги менен мүнөздөлөт, ал инвестициялык ишке ар кандайча таасир этүүсү мүмкүн.

Инвестициялык иш чөйрөсүндөгү негизги саясат Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында чагылдырылган, ал мамлекеттик инвестициялар программасынын түзүүгө жана натыйжалуу иштетүүгө чакырылган.

Инвестициялык ишти ченемдик-укуктук жөнгө салуунун негиздери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесине киргизилген, ал менчиктин формаларынын ар түрдүүлүгүн тааныйт жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчиктин формаларынын бирдей укуктук корголушуна кепилдик берет. 2003-жылдын 27-мартындагы «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Мыйзам бир кыйла тар багыттагы ченемдик акт болуп саналат, ага мурда колдонулган ушундай аталыштагы 1997-жылдын 24-сентябрындагы мыйзамдан айырмаланып, чет өлкөлүк инвесторлор гана эмес, ата мекендик инвесторлор да киргизилген, ошондой эле «инвестициялык иш-аракеттердин» аныктамасы берилген. Инвестициялык ишти ченемдик-укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү бул чөйрөдөгү жаңы багыттарга шайкеш келет.

Автор тарабынан эл аралык жана улуттук укуктун өз ара катышынын саясатында маанилүү роль ойногон инвестицияларды өз ара колдоо, кубаттоо жана коргоо жөнүндө бир катар эки тараптуу эл аралык келишимдер талдоого алынган. Ата мекендик жана эл аралык укуктун өз

ара аракеттенүүсү Кыргызстанда инвестициялык жагдайды жагымдуу калыптандырууга жана эл аралык инвестициялык кызматташтыкты өнүктүрүүгө түрткү берээри шексиз.

***«Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуунун спецификасы» деген экинчи глава*** үч бөлүмдөн турат.

***«Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуунун мазмуну жана өзгөчөлүктөрү» деген биринчи бөлүмдө*** автор тарабынан инвестициялык ишти – инвестицияларды административдик-укуктук жөнгө салуунун негизги объектин талдоо жүргүзүлөт. Ушул категория ар тараптан изилденет жана биринчи кезекте, мыйзам чыгаруучу мүлктүн кеңири спектрин инвестиция катары таанып, деген менен бул тизмекти ачык калтырып, инвестициялык иштин объекттерине мыйзамдарда тыюу салынбаган инвестициялоонун башка формалары да кириши мүмкүн экендигин көрсөтөт.

Ошону менен бирге, авторлордун ой-пикирине шилтеме берүү менен, диссертант жөнгө салынуучу кубулуштардын көрүнүштөрүнүн тизмесин келтирбеген, бирок аларда тиешелүү түшүнүктүн аныктамаларын, анын алда канча мүнөздүү белгилерин, ал эми алар аркылуу ушул түшүнүктүн маңызын ачып көрсөткөн ченемдик укуктук актылар практикада бир кыйла натыйжалуу болуп саналарын белгилейт. Демек, деп жыйынтык чыгарат автор, ченемдик укуктук актынын текстинин жеткиликтүүлүгү, анда камтылган дефинициялардын жөнөкөйлүгү, сөзсүз түрдө, анын жоболорун алда канча натыйжалуу ишке ашырууга көмөктөшөт, ошондой эле аларды ар башка мааниде чечмелөө тобокелдигин төмөндөтөт.

Инвестициялык ишти түздөн-түз укуктук жөнгө салуу маселелерине байланыштуу, автор алардын алкагында укуктук жөнгө салуунун тиешелүү чөйрөсүндө келип чыккан процесстерди башкарууга чакырылган атайын мамлекеттик органдарды түзүүдө же болбосо иштеп жаткан мамлекеттик органдарга белгиленген функцияларды берүүдө турган коомдук мамилелерди жана уюштуруу мүнөзүндөгү иш-чараларды жөнгө салууга багытталган тиешелүү ченемдик укуктук актылар иштелип чыгылган жана кабыл алынган укуктук мүнөздөгү чаралардын комплепксин бөлүп көрсөтөт.

Бул чараларды ишке ашыруу укуктук жөнгө салуунун максаттарынан келип чыгууга тийиш, алар инвесторлордун, ошондой эле инвестициялык ишке катышкан башка жактардын кызыкчылыктарын камсыз кылуу менен, ага кепилдик берүү жана коргоо, инвестицияларды натыйжалуу пайдалануу аркылуу Кыргыз Республикасынын

экономикасын кайрадан жандандырууда жана өнүктүрүүдө турат. Ошону менен, маанилүү, негизги өзөктүү учур чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу болуп саналат, анткени экономиканын реалдуу сектору кошумча финансылык чегеримдерге абдан муктаж.

Бирок, бул учурда, чет өлкөлүк инвестицияларды абдан чоң көлөмдөрдө тартуу, кыйчалыш жагдайга – улуттук экономиканын айрым тармактарына мамлекеттик көзөмөлдү жоготууга алып келиши мүмкүн экенин да эске алуу керек. Бул, баарыдан мурда, стратегиялык тармактарга тиешелүү. Ошондуктан экономиканы либералдаштыруунун шарттарында айрым экономикалык тармактарга жана мамлекеттик менчик объекттерин менчиктештирүүгө катышууга чет өлкөлүк инвесторлор үчүн кээ бир чектөөлөрдү киргизүү саясатын жүргүзүү талап кылынат.

Административдик-укуктук жөнгө салуунун спецификасы жагымдуу инвестициялык жагдайды түзүү жана камсыз кылуу жагындагы мамлекеттин ишинен алда канча айкын көрүнүп турат. Кыргыз Республикасында ушундай шарттарды түзүүгө багытталган бир кыйла арбын чаралар көрүлгөн. Бирок, ошону менен бирге, шашылыш жана тез арада чечүүнү талап кылган маселелер бар. Инвестициялык саясат бажылык жана салыктык жөнгө салуу менен өтө тыгыз байланышкан. Андыктан салык жана бажы жеңилдиктеринин маселеси бир кыйла актуалдуу болуп саналат. Алсак, «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 27-мартындагы № 66 Мыйзамынын 4-статьясынын 1-пункту «Кыргыз Республикасынын аймагында инвестицияларды жүзөгө ашыруучу чет өлкөлүк инвесторлорго экономикалык иштин улуттук режимин түзүп берет», ал эми ушул эле статьянын 7-пунктуна ылайык ошол эле инвесторлорго «республиканын экономикасынын артыкчылыктуу тармактарында жана социалдык чөйрөсүндө, ошондой эле белгилүү бир аймагында инвестицияларды жүзөгө ашыруучу инвесторлорго өнүгүүнүн мамлекеттик программаларына (долбоорлоруна) ылайык инвестициялык жеңилдиктер каралышы мүмкүн».

Белгиленген чаралар, автордун ой-пикири боюнча, жетиштүү катары мүнөздөлүшү мүмкүн эмес, буга байланыштуу төмөнкүдөй тыянактар келтирилет. Алсак, «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүшүндө тиешелүү инвестордун зарылдыгынын жана маанилүүлүгүнүн даражасын аныктабайт, ал инвестициялоонун сапатын талдоону жүргүзүү аркылуу оңой-олтоң эле аныкталышы мүмкүн. Ушул эле механизмди инвесторлорго салык жеңилдиктерин берүү учурунда кароо керек. Биз карап жаткан Мыйзам салык алуу тартибин, ошондой эле салык жеңилдиктеринин өлчөмү сыяктуу өзөктүү учурларды ачып көрсөтпөйт. Автор ошондой эле инвесторду салык салуудан толук, өзгөчө эгерде бул

инвестор мамлекеттин социалдык долбоорлорун ишке ашырууга катышып жаткан учурларда бошотуу учурларын талдоону зарыл деп эсептейт.

Ошол эле убакта белгилей кетүү керек болгон бир жагдай, чет өлкөлүк инвесторлор үчүн жеңилдетилген шарттарды берүүдө мамлекет өзүнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу аркылуу өзүнүн улуттук кызыкчылыктары жөнүндө да унутууга тийиш эмес. Ошондуктан инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуунун жана аларды колдонуунун формаларын жана усулдарын иштеп чыгууда инвесторлордун кызыкчылыктарынын максималдуу теңдемине жетишилүүсү тийиш.

***«Инвестициялык ишти укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын тутуму» деген экинчи бөлүм*** бүтүндөй инвестициялык укуктук мамилелердин субъекттеринин укуктук мүнөздөмөсүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасында инвестициялык мамилелерди жөнгө салууга чакырылган мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын тутумуна арналган.

Практикалык көз караштан жана инвестициялык мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу өңүтүнөн алганда, инвестор деп таанылышы мүмкүн болгон жактардын чөйрөсүн аныктоо өтө маанилүү болуп саналат. Бул маселенин маанилүүлүгү төмөнкүлөрдөн көрүнөт:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген салыктык же салыктык эмес төлөмдөр боюнча тиешелүү жеңилдиктерди берилиши анын инвестициялык мамилелердин субъекти катары таанылуусуна же таанылбоосуна көз каранды болот;

- субъектти инвестор же инвестициялык мамилелердин башка катышуучусу катары таануу мамлекеттик каттоо жана ишти жүзөгө ашырууга жол берүү учурунда мааниге ээ болот;

- инвесторлор үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында берилген кепилдиктер аларга инвестор катары таанылгандан кийин гана жайылтылышы мүмкүн (Фархутдинов, И.З., Инвестициялык укук: окуу-практикалык куралы. – [Текст] / И. З. Фархутдинов, В. А. Трапезников – М.: «ВолтерсКлувер», 2006, – 432-б.].

Ал гана эмес, мамлекет ачык-укуктук мамилелердин негизги жана анык субъекти болуу менен жекече-укуктук мамилелерге да катыша алат.

Ошентип, автор инвестициялык мамилелердин негизги субъекти инвестор болуп саналат деп белгилөө менен, анын укук теориясындагы укуктун субъекти болушу жана аракетке жөндөмдүүлүк сыяктуу маңыздуу мүнөздөмөлөрүн көрсөтөт. Инвестор инвестициялык ресурстардын менчик ээси болуп саналат, ушуга байланыштуу тараптардын эркинин автономиясы

болушуна ээ, бирок мында алардын эркинин автономиясы инвестициялык процесстерди башкарууга чакырылган орган катары мамлекеттин эркине жана кызыкчылыктарына баш ийдирилген. Бул коомдогу эч бир жеке кызыкчылыктар ага башка ушундай жекке жактардын жана бүтүндөй алганда коомдун мыйзам ченемдүү кызыкчылыгы болмоюнча укук ченеминде ишке ашырылышы мүмкүн эместиги менен шартталган. Ачык-укуктук жөнгө салуу инвестициялык мамилелер керектүү коомдук-зарыл багытта өнүгүшүнө багытталган. Ушундан улам мамлекеттик милдет коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыкты туура аныктоодо, аларды оптималдуу ыңгайлаштырылуусун табууда жана ишке ашыруунун адекваттуу укуктук шарттарын жана кепилдиктерин аныктоодо турат [Богатырев А.Г. Инвестициялык укук [Текст] /А. Г. Богатырев – М., 1992. – 272-б.].

Инвестициялык процессте, инвестордон тышкары, башка субъекттер да катышат. Бардыгы каражаттар инвестициялык иштин кайсы субъекттерине жумшала тургандыгына, өзгөчө ушундай субъекттер болуп турак жай жана коммуналдык курулуш, жолдорду оңдоо жана куруу объекттери ж. б. болуп саналганына көз каранды болот.

«РФда капиталдык салымдар түрүндө жүзөгө ашырылуучу инвестициялык иш жөнүндө» 1999-жылдын 25-февралындагы № 39-ФЗ россиялык мыйзамдарды [«Россия Федерациясында капиталдык салымдар түрүндө жүзөгө ашырылуучу инвестициялык иш жөнүндө» 1999-жылдын 25-февралындагы № 39-ФЗ Федералдык мыйзам] [Электрондук ресурс]. – М. Жеткиликтүүлүк режими www.consutant.ru] автор жүргүзгөн талдоо ушундай субъекттердин бар экендиги жөнүндө ырастоого мүмкүндүк берет. Алсак, жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдын 4-статьясына ылайык, инвестициялык процесске «тапшырыкчы» катышат, алар анын ичинде инвесторлор, ошондой эле инвестициялык долбоордун башка катышуучуларынын экономикалык ишине кийлигишпестен инвестициялык долбоорду ишке ашырууга инвестор ыйгарым укук берген ар кандай башка субъекттер, тапшырыкчы менен түзүлгөн подряд келишими боюнча ишти аткаруучу «подрядчы», ошондой эле алар үчүн инвестициялоо объекттери түзүлө турган «объекттерди пайдалануучулар» болушу мүмкүн. Инвестор өзүнүн ыйгарым укуктарын инвестициялык процесстин башка катышуучуларга берген бардык учурларда алардын ортосундагы мамилелер келишимдик негизде жөнгө салынат.

Талдоо субъекттердин чөйрөсүн кеңири регламенттөөнүн зарылдыгы тууралуу тыянак жасоого мүмкүнчүлүк берет, анткени иш жүзүндө бул субъекттер өзгөчө мамлекеттик инвестициялардын программаларын ишке ашыруунун алкактарында ушул мамилелерге жигердүү катышары ачык байкадылып турат. Мында мамлекеттик тапшырыкчы сыяктуу катышуучуну

бөлүп көрсөтүүгө болот, ал тендерлерди жана конкурстарды өткөрүү аркылуу дагы бир катышуучуну, алып айтканда, «долбоордун ишке ашыруучусун» аныктайт. Курулуш деген сыяктуу иштин белгилүү бир түрлөрүнүн болгону, «подрядчик» деген сыяктуу субъекттин катышуусун талаптайт. Бирок, жашоо-турмуштун айкындыктары ачык көрсөткөндөй, мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн инвестициялык каражаттар сарпталып оңдолгон жолдор тез эле жараксыз болуп калышууда. Бул жагдайлар «мамтапшырыкчы» жана «долбоордун ишке ашыруучусу» өз милдеттерин толук өлчөмдө аткарбай жатышканын күбөлөөдө. Бул субъекттердин чөйрөсүн, алардын укуктук статустарын аныктоо иш жүзүндө чоң мааниге ээ экенин ырастоого укук берет. Ушуга байланыштуу автор «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына алардын укуктук статустарын кеңири регламенттөө жана жоопкерчиликтин конкреттүү чараларын бекемдөө менен, «тапшырыкчы», «долбоордун ишке ашыруучусу», «подрядчы» деген сыяктуу субъекттерди кошуу сунуш кылынган.

Диссертацияда мамлекеттик органдардын тутумуна, ошондой эле Кыргыз Республикасында инвестициялык иштерди административдик-укукту жөнгө салуу чөйрөсүндөгү алардын компетенцияларына байланыштуу жоболор олуттуу изилдөөгө алынган. Колдонуудагы ченемдик-укуктук актылардын салыштырмалуу талдоосу, инвестициялык иштер, алардын ар бири өз ыйгарым укуктарынын чектеринде өздөрүнүн функцияларын ишке ашыруучу, мамлекеттик органдардын кеңири жайылтылган тутуму тарабынан административдик-укуктук жөнгө салуунун объектиси болуп саналат деген тыянак чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Бул авторго, инвестициялар чөйрөсүндө мамлекеттик деңгээлде жүзөгө ашырылуучу иштердин төмөнкүдөй негизги багыттарын белгилөөгө жана ушул функцияларга жараша инвестициялык иштерди жөнгө салуучу мамлекеттик органдардын тутумун бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн:

- инвестицияларды жана инвестициялык иштин субъекттерин мамлекеттик каттоого алуу функциялары;
- тышкы экономикалык жөнгө салуу функциялары;
- акча-кредиттик жана валюталык жөнгө салуу функциялары;
- фискалдык функциялар;
- фонддук рынокто жана мамлекеттик менчик объекттерин сатуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу функциялары.

Бирок, ошону менен бирге, мамлекет тарабынан инвесторлордун жана бул мамилелердин башка катышуучуларынын тийиштүү мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттерүүлөрүн минималдаштыруу боюнча бардык күч-аракеттер көрүлүүдө, бул албетте, бүтүндөй ишке жагымдуу таасирин тийгизүүдө.

***«Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуунун формалары жана усулдары» деген үчүнчү бөлүмдө*** автор дүйнөлүк тажрыйбада таанылган, ошондой эле Кыргыз Республикасында колдонулган инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуунун ар түрдүү формаларын жана усулдарын ар тараптан изилдөөгө алган, алар туура жана натыйжалуу уюштурулганда, мамлекетке экономиканы кескин түзүмдүк жана тармактык кайра куруу, аз чыгымдар менен жагымдуу социалдык натыйжага жетишүү үчүн жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдүн түзүлүшүнө өбөлгө болот.

Диссертанттын илимий ишинде инвестициялык ишти жөнгө салуунун негизги уюштуруучулук формалары бөлүнүп көрсөтүлгөн, алар узак мөөнөттүү мезгилге тартылышы мүмкүн, мамлекеттин же айрым алынган ишкананын масштабында кандай инвестициялык ресурстарды тартуубузга, аларды кандай объекттерге инвестициялаганыбызга, биздин кандай максаттарды жана кызыкчылыктарды көздөгөнүбүзгө жараша ар бир форманы жана усулду колдонуунун өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү аракети көрүлгөн. Автор алардын ар бирин колдонуунун артыкчылыктарын жана кемчиликтерин өз-өзүнчө жана өз ара байланышта кеңири салыштыруу жүргүзөт.

Жумушта каражаттарды инвестирлөөдө жалпы мамлекет жөнүндө же анын өзүнчө аймагы тууралуу сөз болуп жаткандагы маселелерге өзгөчө орун берилет. Бул учурда чет өлкөлүк капиталды тартуу аркылуу жетишилиши мүмкүн болгон максаттардын чөйөрсү бир кыйла кеңейет, жана ошондо иштеп жаткан ишканаларды модернизациялоо жөнүндө эле кеп болбостон, ошондой эле төмөнкү жааттарда сөз жүрүшү мүмкүн:

а) өндүрүштү түзүмдүк кайра куруу үчүн, ички керектөө үчүн өндүрүлбөгөн же жетишсиз санда өндүрүлгөн продукцияларды чыгаруунун келечегин көздөө менен, таптакыр жаңы ишкананы түзүү жөнүндө;

б) экспортко багытталган жана импорттун ордун басуучу жаңы өндүрүштөрдү түзүү жөнүндө;

в) атаандаштыкты өнүктүрүү үчүн чарбачыл түзүмдөрдү кеңетүү жана жаңылырын түзүү жөнүндө;

г) ички рынокто продуктуларды чыгаруу үчүн да, жана ошондой эле экспорттун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн дагы пайдалуу кен чыккан жерлерди тездетилген темптер менен өздөштүрүү тууралуу;

д) өлкөнүн жай өнүккөн аймактарынын дараметтерин өстүрүү үчүн шарттарды түзүү жөнүндө;

е) чет өлкөлүк тажрыйбаларды пайдалануу менен, кадрларды даярдоо үчүн, чет өлкөлүк катышуулар менен консалтингдик, маркетингдик жана башка түзүмдөрдү түзүү жана кеңетүү жөнүндө.

Ар түрдүү уюштуруучулук-укуктук формалардагы ишканалардын деңгээлинде инвестирлөө үчүн, башкалар менен бир катарда инвестирлөөнүн мүлктү күрөөгө коюу менен кредиттөө, чет өлкөлүк кредиттерди тартуу сыяктуу формалары, жана өзгөчө финансылык ижара (лезинг) кеңири изилдөөгө алынган, анткени ишканалар техникалык жактан модернизацияланган жаңы жабдууларды, ошондой эле заманбап технологияларды сатып алуу үчүн акча каражаттарынын жетишсиздигинин түйшүгүн тартышат. Диссертанттын ой-пикири боюнча лизинг кредиттин өз алдынча жана абдан ыңгайлуу формасы болуп саналат, ал 2002-жылдын 23-июлунда «Финансылык ижара (лизинг) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын №121 Мыйзамынын кабыл алынышы менен өнүгө баштаган жана анын лизингдик операциялардын рыногундагы жегердүүлүгүнүн туу чокусу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан лизингди кар тараптан колдоо жүзөгө ашырылган 2011-жылдан тартып 2014-жылга чейинки мезгилге туура келген. Мына ушул мезгилге лизингдик бүтүмдөрдүн бардык көлөмүнүн 70%дан ашууну туура келген. Бул жылдары лизингдик бүтүмдөрдүн көлөмүнүн көбөйүүсүнүн кескин секирик жасоосу, көбүнесе лизингди Өкмөттүн тыкыр колдоого алуусу менен түшүндүрүлөт.

Бирок мамлекеттик колдоого алуудан тышкары, ишканалар жана жеке ишкерлер өздөрүнүн өндүрүшүн жана бизнесин өнүктүрүү үчүн зарыл жабдууларга жана техникалык каражаттарга муктаж болуп турушкан, лизинг өндүрүштүн көптөгөн тармактарынын өсүшүндө жана өнүгүшүндө оптималдуу чечим болуп калышы мүмкүн болгон шарттарда лизинг талаптагыдай өнүгүүгө жетише албады.

Лизингдин ченемдик-укуктук базасын талдоого алуу авторго Кыргыз Республикасында лизингдин ийгиликтүү өнүгүшүнө өбөлгө болбой турган бир катар себептерди ашкерелөөгө мүмкүнчүлүк берген. Мында автор тарабынан лизингдин объектиси менен, б. а. мүлккө менчик укугуна жана аны мамлекеттик органдарда каттоого алуунун кыйла түйшүктүү эмгек сыйымдуу процесстери, лизингдик операцияларга карата финансылык-кредиттик мекемелер тарабынан кызыкдарлыктын төмөнкү деңгээли менен байланышкан бир катар маселелер изилдөөгө алынган, анткени банктар тезирээк киреше алууга багытталышкан жана негизинен соода жана соода-сатыктык-ортомчулук операцияларга кредит беришет, лизингдик операциялардын катышуучулары үчүн салыктык жана бажылык жеңилдиктер жок. Кыргызстандын экономикасы үчүн лизингдин өзгөчө чоң маанилүүлүгүнөн улам, диссертант тарабынан лизингдик операцияларды мындан ары жана майнаптуу өнүктүрүү үчүн салыктык жана бажылык жеңилдиктерди мыйзамдык деңгээлде бекемдөөнүн жана лизингдик операцияларды мамлекеттик колдоого алуу багытында айкын кадамдары жасоонун зарылдыгы белгиленген.

Жумушта Кыргыз Республикасынын айрым алынган аймактарын жана айылдык аймактарын, ошондой эле экономиканын кээ бир секторлорун өнүктүрүүдөгү чет өлкөлүк инвестициялардын ролуна өзгөчө орун берилген. Автор тарабынан жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй, алардын негизги көлөмдөрү мамлекет тарабынан жагымдуу тышкы экономикалык, баа-түзүү, экспорттук-алымдык жана башка шарттар түзүлгөн аймактарга туура келет. Булар барыдан мурда, Бишкек, Жалал-Абад, Талас шаарлары, Чүй жана Ысык-Көл облустары. Ушундай эле мүнөздүү багыттамалуулук экономиканын секторлорунда дагы байкалат. Автор Баткен, Нарын жана Талас облустарынын мисалдарында ушул аймактардагы экономиканын секторлорунун чет өлкөлүк тикелей инвестицияларга керектөөлөрүнүн жалпы сүрөттөлүшүн көрсөтөт жана ар бир аймакка колдонулмалуу ишке ашыруу чараларын аныктоо менен, чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу менен байланыштуу орун алган көйгөйлөргө карата мамилелерди түп тамырынан бери кайра карап чыгуунун зарылдыгын белгилейт.

***«Кыргыз Республикасында инвестициялык иштин административдик-укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү» деген үчүнчү глава*** инвестициялык мыйзамдарды өркүндөтүүнүн зарыл чараларына талдоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

***Үчүнчү главанын «Инвестициялык иштин өркүндөтүүнүн келишимдик формалары» деген биринчи бөлүмүндө*** жүргүзүлгөн талдоонун жана кээ бир инвестициялык макулдашууларды салыштыруунун негизинде автор тарабынан инвестициялык келишимдерге (макулдашууларга) мүнөздүү төмөнкүдөй жалпы жана олутуу белгилер бөлүп көрсөтүлгөн:

- тараптардын жарандык-укуктук тең укуктуулугуна ылайык кандай болбосун келишим ыктыярдуу болуп саналат. Б. а. бул мамилелерге аралашкан жактар өз каалоолорунда, максаттарында ыктыярдуу болушат. Келишим түзүүдө тараптар аны түзүүдө жана макулдашуунун шарттарын жана айрым өзгөчөлүктөрүн тандоодо тең укуктуу;
- ыктыярдуулук принцибинен келип чыгуучу келишим түзүүнүн шарттары келишимдин жалпы жана өзгөчө жоболорун жөнгө салуучу мыйзамды өз алдынча тандап алууну талаптайт. Ушул ыңгайдан алып караганда, чет өлкөлүк жана ата мекендик инвесторлордун интеллектуалдык жана материалдык чегеримдери укуктун ата мекендик да, ошондой эле эл аралык дагы ченемдери менен жөнгө салынат жана корголот деген тыянак чыгарууга болот;
- инвестициялык макулдашуулар үчүн жазуу жүзүндөгү формаларга карата, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Кыргыз Республикасынын Эл өкүлдөр жыйынынын токтомуна ылайык (Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1995-жылдын 17-

майындагы №79-1 токтому, Эл өкүлдөр жыйынынын 1995-жылдын 31-майындагы №62-1 токтому) Кыргыз Республикасы Вена конвенциясына кошулганын белгилөөгө болот, ага ылайык сатып алуу-сатуу келишими жазуу жүзүндө түзүлүшүнүн же бышыкталышынын, же болбосо формасына карата башка талапка баш ийүүсүнүн зарылдыгы жок. Мында тышкы экономикалык макулдашууларга байланыштуу эскертме жасалат, алып айтканда, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 1190-статьясында мындай деп айтылган – катышуучуларынын бири эле Кыргыз Республикасынын юридикалык жагы же граждана болуп эсептелген тышкы экономикалык бүтүм, анын түзүлгөн жерине карабастан кат жүзүндө түзүлөт.

Автор инвестициялык келишим (контракт) ар кыл түрлөргө жана аталыштарга ээ болорун белгилейт: лизинг (анын түрлөрү), концессия, продукцияны бөлүштүрүү жөнүндө макулдашуу, франчайзинг келишими ж. б. Ошентип, Кыргыз Республикасынын инвестициялык мыйзамдарында бекемделген «инвестициялык келишим» аныкталган эмес. Инвестициялык келишим ыктыярдуу макулдашуунун негизинде түзүлөт, субъекттер келишимди түзүүдө макулдашуунун «түзүүнү же түзбөөнү?» тандоодо эркин болушат, мында субъекттер ата мекендик жактар (юридикалык же жеке), ошондой эле чет өлкөлүк жактар дагы болушу мүмкүн. Мындан тышкары, инвестициялык келишимдердин формасы милдеттүү түрдө жазуу жүзүндө болору белгиленет. Инвестициялык келишимдердин жазуу жүзүндөгү формасы ушул бүтүмгө гана мүнөздүү максаттарды, укуктарды, милдеттерди, мөөнөттөрдү, кайтарымдуулукту, өзгөчөлүктөрдү кепилдейт. Буга Вена конвенциясына ылайык жол берилет – бирок, оозеки макулдашуунун юридикалык өзгөчөлүктөрүн далилдөө татаал болот. Инвестициялык келишимдер колдонуудагы ата мекендик жана эл аралык мыйзамдарга, ошондой эле эл аралык макулдашууларга жана өз ара милдеттенмелерге негизделет.

***Үчүнчү главанын экинчи бөлүмү «Инвестициялык иштин субъекттеринин укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин ишке ашыруунун жолдору».*** Автор тарабынан жүргүзүлгөн илимий талдоо Кыргыз Республикасына материалдык жана материалдык эмес каражаттарды жана убайларды инвестирлөөнү жана администрирлөөнү кечеңдетип жаткан же кечеңдетиши мүмкүн болгон себептерди аныктоого мүмкүнчүлүк берген. Мындай тоскоолдуктардын себептери төмөнкүлөр болуп саналат: инвестициялык иштердин натыйжалуу өнүгүшүнө терс таасирлерин тийгизүүчү ар түрдүү факторлор. Баарыдан мурда, бул мамлекеттик саясатта үстөмдүк кылуучу субъективдүү фактор менен байланышкан. Натыйжалуу мамлекеттик так концепциянын жоктугу, коррупциялык көрүнүштөр, ыйгарым укуктуу адамдардын кесиптик даярдыктарынын жетишсиздиги,

ошондой эле чет өлкөлүк оң тажырыйбалардын таасирлеринин аздыгы. Автор аны өркүндөтүүнүн жаңы жолдорун жигердүү издөөнү шарттоочу мамлекеттик натыйжалуу инвестициялык саясаттын ашкере маанилүүлүгүн бир канча ирээт белгилейт. Мында мыйзамдарды жана аларды ишке ашыруунун механизмдерин оптималдаштыруу максатында мамлекет менен инвестициялык иштин бардык катышуучуларынын ортосундагы артыкчылыктуу мамилелерди түзүү өзгөчө мааниге ээ болот.

***Үчүнчү главанын үчүнчү бөлүмү «Кыргыз Республикасында инвестициялардын административдик-укуктук режимин өркүндөтүү».***

Ата мекендик экономикада орун алган көйгөйлөр инвестициялык жагымдуулукту жакшыртууга өбөлгө болбойт, ошол эле убакта, инвестициялар өлкөнүн экономикасынын өсүшүнүн жыйынтыктоочу көрсөткүчтөрүнө жана жалпысынан улуттук дүң продуктуга түздөн-түз байланышкан. Демек, бул көрсөткүчтөрдүн натыйжалуулугу үчүн Кыргызстанга инвестициялык климатты жакшыртуу үчүн кескин кадамдарды жасоо талап кылынат.

Жүргүзүлүп жаткан инвестициялык реформаларды өркүндөтүү, жагымдуу инвестициялык климатты түзүү, ошондой эле административдик-укуктук режимди өркүндөтүү максаттарында, төмөнкүдөй чаралар сунуш кылынган, алар Кыргыз Республикасындагы инвестициялык иштерде терс көрүнүштөрдү төмөндөтүүгө жана өлкөдөгү инвестициялык жагымдуулукту жакшыртууга өбөлгө түзөт:

- Кыргыз Республикасынын инвестицияларды жылдыруу жана коргоо боюнча Агенттигине болуп жаткан иш-аракеттер, көйгөйлөр, пландар, келечек максаттар, салыктык жеңилдиктер ж. б. жөнүндө маалыматтарды алмашууну тездетүү, пайда болгон маселелер боюнча ыкчам чечимдерди кабыл алуу үчүн, инвесторлор менен эки тараптуу байланыш каналын (телефондук, электрондук почта) уюштуруу сунуш кылынат;
- кайтарымы жогору тоо-кендерин касып алуу чөйрөсүндө жана энергетикалык тармактарда эле эмес, ошондой эле саламаттыкты сактоо, билим берүү, илим, социалдык өнүктүрүү ж. б. жааттарда дагы жагымдуу инвестициялык саясатты жүргүзүү;
- ыйгарым укуктуу адамдардын жана мамлекеттик органдардын жоопкерчиликтерин күчөтүү;
- салык декларациялары аркылуу атка минерлердин бардык ири жана олуттуу чыгымдоолорун табуу аркылуу жолу менен, профилактикалык алдын алуу чараларын көрүү, алдын ала көрүү зарыл; жагымдуу шарттарды түзүү, инвесторлордун инвестицияларды чегерүүлөрүн жакшыртуу жана тездетүү максаттарында, инвесторлорго бөлүнүп берилген аймактардагы аянттарда инфратүзүмдөрдү (электр жарыгын, суу түтүгүн, каналдаштырууну, газды жеткирүүнү) жакшыртуу зарыл;

- өзүнүн ишинде жаңы жана жогорку технологияларды, заманбап жабдууларды колдонуучу ишканалар үчүн кандайдыр бир мезгилге (бир-эки жылга) «салык каникулун» берүү жолу менен, салыктар боюнча инвесторлор үчүн салыктык жүктөрдү төмөндөтүү;

- жолдорду тосуу, инвесторлордун мүлктөрүн басып алуу менен коштолуучу чыр-чатактарды жоюу максатында, инвесторлор жайгашкан айыл жерлеринде инфратүзүмдү (жолдорду, сууну, имараттарды) жакшыртуу;

- мыйзамды сыйлаган инвесторлорго жана алардын мүлктөрүнө карата калктын маданиятын көтөрүү жана сый мамиле кылууларын калыптандыруу;

- баш аламан жана рейдерлик басып алууларды болтурбоо үчүн инвесторлордун мүлктөрүн, объекттерин коргоону күчөтүү;

- жана башка чаралар.

Диссертациянын корутундусунда автор тыянактарды жыйынтыктаган практикалык сунуштамаларды так, жетик түшүнүктүү туюнтмалаган.

## ТЫЯНАКТАР

Жүргүзүлгөн илимий талдоонун жана изилдөөлөрдүн натыйжаларын жалпылоонун негизинде диссертант төмөнкүдө й тыянактарга келди:

1. Инвестициялык иштердин эл аралык мүнөзүн эске алганда, инвесторлорду, анын ичинде чет өлкөлүк инвесторлорду, эл аралык экономикалык жана укуктук мамилелерди жөнгө салуу боюнча алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоонун кошумча кепилдиктери менен камсыз кылуунун зарылдыгы келип чыгат, бул Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүн шарттайт.

2. Инвестициялык иш субъекттердин кеңири чөйрөсүн талаптайт, бирок мамлекеттин атынан чыгуучу тапшырыкчы мыйзамда көрсөтүлгөн эмес. Субъекттердин чөйрөсүн дыкат жөндөө зарыл, анткени иш жүзүндө мамлекеттик инвестициялардын программаларын ишке ашыруунун алкагында бул мамилелерге мамлекеттин катышуусу ачык байкалууда. Бирок бул программалардын талаптагыдай эмес ишке ашырылып жатканынан улам, тапшырыкчынын компетенцияларын жана жоопкерчиликтерин жөндөө талап кылынат.

3. Лизинг инвестициянын бир формасы катары начар өнүккөн, бирок ал бүгүнкү күндө инвестицияларды тартуу үчүн пайдалуу формалардын бири болуп саналат. Жетишсиз өнүгүү көйгөйү, көп эмгекти талап кылганы жана мамлекеттик органдарда лизингдин предметин жол-жоболоштуруу процессинин бюрократташтырылганы анын колдонулушун кечеңдетүүдө.

4. Автордук талдоо инвестициялык келишимдин олуттуу мүнөздөмөлөрүн терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзгөн, аларга төмөнкүлөрдү киргизген: 1) табияты боюнча жана ошого жараша аталыштары ар түрдүү лизингдер (анын түрлөрү), концессия, продукцияны бөлүү жөнүндө макулдашуу, франчайзинг келишими ж. б.; 2) ыктыярдуу макулдашуунун негизинде түзүлөт, мында ата мекендик жактар да (юридикалык жана жеке), ошондой эле чет өлкөлүк жактар дагы субъект боло алышат; 3) инвестициялык келишимдердин формасы милдеттүү түрдө жазуу жүзүндө; 4) инвестициялык келишимдер колдонуудагы ата мекендик жана эл аралык мыйзамдарга, ошондой эле эл аралык макулдашууларга жана өз ара милдеттенмелерге негизделген.

5. Белгилүү бир мезгилге инвесторлорго салык жүктөрүн олуттуу жеңилдетүү сыныш кылынат (салыктык каникулдар).

6. Инвестициялык жагымдуулукту калыптандырууда тажрыйбада орун алган Кум-Төр, Ак-Кеме сыяктуу жагдайлардын кайталанышын болтурбоо максатында түзүлгөн макулдашуулардын юридикалык өзгөчөлүктөрү жана шарттары таасирин тийгизет. Ушул максаттарда инвесторлор менен макулдашуу түзүүнүн шарттарын макулдашуу жолжоболоруна дыкат жана олуттуу мамиле кылуу сунуш кылынган.

7. Макулдашуулар түзүлгөндөн кийин инвестициялык жагымдуулукту солгундаткан себептер жергиликтүү деңгээлде инвесторлор үчүн жагымсыз, чыр-чатактуу кырдаалдарды түзүү, укук коргоо органдарынын инвесторлордун мүлктөрүнө кол салуу фактыларына көңүл бурбоо жана көңүл кош мамиле кылуу, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин жана Кыргыз Республикасында инвестицияларды жылдыруу жана коргоо боюнча агенттиктин инвесторлор менен болгон көйгөйлөргө жана чыр-чатактарга «жайбаракат» мамиле кылуу фактылары болуп саналат.

8. Кыргызстандын аймагында инвесторлор үчүн жагымсыз шарттардын төмөндөөсүнө өбөлгө болуучу сунуштарды жана чараларды иштеп чыгуу максатында, автор тарабынан укуктук жана социалдык мүнөздөгү чаралар, инфратүзүмдү жакшыртуу боюнча чаралар, белгилүү бир артыкчылыктуу облустарда жана райондордо инвестирлөө үчүн жеңилдиктерди жана демөөрлөөнү берүү боюнча сунуштар, инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга мезгил-мезгили менен мониторинг жасоону жүзөгө ашыруу, ошондой эле административдик бөгөттөрдү азайтуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу сунуш кылынган.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЖУМУШТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Бердимуратов Ч. М. Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуунун мазмуну жана өзгөчөлүктөрү [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун кабарлары Эл аралык теориялык жана илимий-практикалык журналы (БАЦА)» - Бишкек, 2014. - № 1 (4). - 28-33-б.

2. Бердимуратов Ч. М. Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти жөнгө салуунун ченемдик-укуктук негиздери [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // Кыргызстан ЖОЖдорунун кабарлары. – Бишкек, 2015. - № 10. - 100-105-б.

3. Бердимуратов Ч. М. Инвестициялык ишти мамлекеттик башкарууну уюштуруу формаларынын мүнөздөмөсү [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // Борбордук Азия өлкөлөрүнүн бухгалтерлеринин жана аудиторлорунун Ысык-Көл форумунун кабарлары Эл аралык теориялык жана илимий-практикалык журналы (БАЦА)» - Бишкек, 2015. - № 1 (8). – 15-21-б.

4. Бердимуратов Ч. М. Инвестициялык ишти укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекекттик органдарынын тутуму [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // Кыргызстан ЖОЖдорунун кабарлары. – Бишкек, 2015. - № 10. - 106-111-б.

5. Бердимуратов Ч. М. Кыргыз Республикасында инвестицияларды административдик-укуктук жөнгө салуунун формлары жана усулдары [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // Кыргызстандын илими, жаңы технологиялар жана жаңычылдык. – Бишкек, 2017. - № 1. - 142-146-б.

6. Бердимуратов Ч. М. Кыргыз Республикасында инвестициялардын администартивдик режимин өркүндөтүү [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // Кыргызстан ЖОЖдорунун кабарлары. – Бишкек, 2017. - № 1. - 171-176-б.

7. Бердимуратов Ч. М. Кыргыз Республикасында инвестициалык ишти жөнгө салууну уюштуруу формалары [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // «MODERN SCIENCE». - Москва, 2017. - №12. - 80-83-беттер.

8. Бердимуратов Ч. М. Инвестициялык макулдашууларды ишке ашыруунун көйгөйлүүлүгү [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // «MODERN SCIENCE». - Москва, 2017. - №12. - 83-87-б.

9. Бердимуратов Ч. М. Кыргыз Республикасында инвестициялык иштин субъекттеринин укуктарынын мамлекеттик кепилдиктерин ишке ашыруу көйгөйлөрү [Текст] /Ч. М. Бердимуратов // «Диалог: саясат, укук, экономика». - Санкт-Петербург, 2017. - № 4 (7). - 39-44-б.

**Бердимуратов Чыңгызбек Муртазакуловичтин «Кыргыз Республикасында инвестициялык ишти административдик-укуктуу жөнгө салуу»** деген темадагы 12.00.14 – административдик укук; финансылык укук; маалыматтык укук адистиги боюнча юридикалык илимдерди кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу диссертациясынын


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** инвестициялар, инвестициялык келишим, чет өлкөлүк инвестор, салыктар, лизинг, инвестициялык иштин субъекттери, мамлекеттик кепилдиктер, мамлекеттик бюджет, эл аралык келишим, мүлк, инвестициялык климат, административдик-укуктук жөнгө салуу, инвестициялык саясат

**Изилдөөнүн объектиси** инвестициялык ишти административдик-укуктук жөнгө салуу менен коомдук мамилелерди, ошондой эле мамлекеттин жана инвесторлордун артыкчылыктуу өз ара аракеттенүүлөрү менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** Кыргыз Республикасында инвестициялык иштер чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасынын инвестициялык мыйзамдарын укуктук колдонуу практикасы чөйрөсүндөгү укуктук жана экономикалык кемчиликтерди толтуруу үчүн инвестициялык мамилелерди натыйжалуу жөнгө салуу менен байланышкан илимий-теориялык жана практикалык көйгөйлөрдү комплекстүү талдоого алуу.

**Изилдөөнүн усулдары.** Диссертациялык изилдөө төмөнкү жалпы илимий усулдардын негизинде аткарылган: түзүмдүк-укуктук, тарыхий ж. б. талдоо жана синтездөө, салыштыруу.

**Жумуштун илимий жаңычылдыгы.** Диссертацияда Кыргыз Республикасынын инвестициялык саясаты изилденген, талдоого алынган жана өнүгүү жолдору сунуш кылынган, мамлекеттик-укуктук инвестициянын натыйжалуулугу боюнча сунуштамалар иштеп чыгылган.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Диссертацияда инвестициялык ишти жөнгө салуунун административдик-укуктук механизмдерин өркүндөтүүнүн көйгөйлөрүн чечүүнүн комплекстүү жолу сунуш кылынган. Инвестициялык иште салык салуунун, инвестициялык иште жарандык-укуктук келишимдердин жаңы формаларын колдонуунун, инвечтициялык иштин бардык катышуучуларынын ролун жана жоопкерчиликтерин күчөтүүнүн ар түрдүү өнүттөрүн шарттоочу тутумдук мамиле иштеп чыгылган.

**Колдонуу жааттары:** жумуштун негизги натыйжалары укуктун административдик, финансылык, салыктык, жарандык, конституциялык, эл аралык тармактарында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин ведомстволук органдарынын практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

диссертации **Бердимуратова Чынгызбека Муртазакуловича** на тему **«Административно-правовое регулирование инвестиционной деятельности в Кыргызской Республике»** на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.14 – административное право; финансовое право; информационное право.

**Ключевые слова:** инвестиции, инвестиционный договор, иностранный инвестор, налоги, лизинг, субъекты инвестиционной деятельности, государственные гарантии, государственный бюджет, международный договор, имущество, инвестиционный климат, административно-правовое регулирование, инвестиционная политика.

**Объектом исследования** являются общественные отношения, связанные с административно-правовым регулированием инвестиционной деятельности, а также проблемы создания паритетного взаимодействия государства и инвесторов.

**Предметом исследования** является регулирование отношений в сфере инвестиционной деятельности в Кыргызской Республике.

**Цель исследования** представляет собой комплексный анализ научно-теоретических и практических проблем, связанных с эффективным регулированием инвестиционных отношений для восполнения правовых и экономических недостатков в сфере правоприменительной практики инвестиционного законодательства Кыргызской Республики.

**Методы исследования.** Диссертационное исследование выполнено на основе следующих общенаучных методов: анализа и синтеза, сравнения, структурно-правового, исторического и др.

**Научная новизна работы.** В диссертации исследованы, проанализированы и предложены пути развития инвестиционной политики Кыргызской Республики, выработаны рекомендации по эффективности государственно-правового инвестиционной деятельности.

**Практическая значимость исследования.** В диссертации предложен комплексный путь решения проблем совершенствования административно-правовых механизмов регулирования инвестиционной деятельности. Разработан системный подход, обуславливающий различные аспекты налогообложения инвестиционной деятельности, применения новых форм гражданско-правовых договоров в инвестиционной деятельности, усиления роли и ответственности всех участников инвестиционных отношений.

**Область применения:** основные результаты работы могут применяться в административном, финансовом, налоговом, гражданском, конституционном, международном отраслях права, а также в практической деятельности ведомственных органов Министерства экономики Кыргызской Республики.

## SUMMARY

of the dissertation of **Berdimuratov Chyngyzbek Murtazakulovich** on the topic **«Administrative and Legal Regulation of Investment Activities in the Kyrgyz Republic»**, in support of Candidate degree in Law Science on specialty 12.00.14 - Administrative Law; Financial Law; Information Law.

**Key words:** investments, investment contract, foreign investor, taxes, leasing, entities involved in investment activities, state guarantee, state budget, international treaty, property, investment climate, administrative and legal regulation, investment policy

**Object of the research** is social relations connected with the administrative and legal regulation of investment activities, as well as the issues of creating a parity interaction between the state and investors.

**Subject of the research** is the regulation of relations in the sphere of investment activity in the Kyrgyz Republic.

**The purpose of the research** is a comprehensive analysis of scientific, theoretical and practical problems related to the effective regulation of investment relations in order to overcome legal and economic deficiencies in the sphere of law enforcement practice of the investment legislation of the Kyrgyz Republic.

**Research methods.** The dissertation research was based on the following general scientific methods: analysis and synthesis, comparison, structural legal, historical and other methods.

**Scientific novelty of the research.** Development ways of the investment policy of the Kyrgyz Republic were researched, analyzed and suggested, recommendations on the effectiveness of state-legal investment activities were developed in the dissertation.

**Practical significance of the research.** The dissertation suggests a comprehensive way to solve the problems of improving the administrative and legal mechanisms for regulating investment activities. A systematic approach has been developed that determines various aspects of taxation of investment activity, application of new forms of civil law contracts in investment activities, strengthening the role and responsibility of all participants in investment relations.

**Adaptation area:** the main results of the work can be applied in administrative, financial, tax, civil, constitutional, international fields of law, as well as in the practical activities of departmental bodies of the Ministry of Economy of the Kyrgyz Republic.